КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КОЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

АК-БУЛУН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ
721801 Ак-Булуна.Торгоев кочосу. 7
ИНН 00101197410057
р\с № 29017238210040
Ак-Суу КРБ,4404011251000160
Коду 70111
РСК банк ААК Теплоключенка филиалы
E-mail :akbulun.ao@mail.ru
Факс (3948)60567

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АК-БУЛУНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
721801 с Ак-Булун ул.Торгоева 7
ИНН 00101197410040
р\с № 29017238210040
Теплоключенская ФОАО "РСК Банк"
код70111
Ак-Суйский РОК,440401125100060
E-mail : akbulun.ao@mail.ru
Факс (3948)60567

**Ак-Булуң айыл аймактык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезексиз чакырылган 7-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2022-жылдын 21-январы № 9** **Ак-Булуң а**

**Кыргыз Республикасынын Маданият, Маалымат, Спорт жана Жаштар Саясаты Министрлигинин 31.12.2021 №04-3/6579 жиберген катын кароо жөнүндө**

Ак-Булуң айылынын түндүк-чыгыш тарабында (Түргөн суусунун оң тарабында ) Археологиялык изилдөөнүн жыйынтыгында болжолдуу ll миңинчи жылдарга таандык археологиялык эстелик көрүстөндөрдүн тобу жайгашкандыгы аныкталган. Ошондуктан "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык тарыхый маданий мурас обьектерди сактап калуу, туура пайдалануу максатында

Ак-Булуң айылдык кеңеши **токтом кылат :**

1.Ак-Булуң айыл аймагынын жергиликтүү маанидеги тарыхый жана маданий эстеликтерин тизмесине киргизүү ишке ашырылсын.

2.Аталган археологиялык эстеликтердин аймагына жана ага чектешкен аймактардын четинен кеминде 50 метр аралыкка чейин жер иштетүү, курулуш, чарбалык, карьер, жол куруу жана башка иштердин бардык түрлөрүн жүргүзүүгө тыюу салынсын.

3.Ак-Булуң айыл аймагында жайгашкан археологиялык эстеликтердин коргоо чөлкөмдөрүнүн долбоорун иштеп чыгуу уюштурулсун.

4.Тарыхый маданий мурас обьектилеринин жер участокторун тарыхый маданий багытында мөөнөтсүз пайдаланууга бөлүнүп берилсин жана алардын укугун күбөлөндүрүүчү документтерин алуу иштери уюштурулсун.

5.Эстеликке жакын жайгашкан жер участогун пайдалануучуларга тарыхый маданий обьектердин жайгашкандыгын жана аларды сактоону камсыз кылуу тууралуу маалыматтар жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

6.Эстеликтердин айланасын коргоо тактачалары орнотулсун.

7.Археолог адистерди тартуу менен тарыхый маданий мурас обьектерде археологиялык илимий изилдөө, казуу жана документтештирүү иштери уюштурулсун.

8.Ушул токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысы Э. Торогелдиевке милдеттендирилсин.

**Төрага** **Алымжан уулу Исламбек**